БЕКИТЕМ
Майлуу-Суу шаарындагы
№5 жалпы билим берүү орто
мектебинин директору
__________ Ж.М.Белекова.

# Майлуу-Суу шаарындагы №5 жалпы билим берүү орто мектебиндеги педагогикалык,административдик жана кенже тейлөөчү персаналды сыйлоо жөнүндө Жобо

1. **Жалпы жобо**

1.1. Ушул жобо Кыргыз Республикасынын Конституциясына.КРнын "Билим берүү жөнүндө"."Мугалимдин статусу жөнүндө"."Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары жөнүндө"мыйзамдарына ылайык Майлуу-Суу шаарындагы №5 жалпы билим берүү орто мектебинин Уставынын негизинде иштелтп чыкты.

1.2. Жобо окуу жылы ичинде эмгектенген педагогикалык,административдик жана кенже тейлөөчү персоналды сыйлоо тартибин ирээтке келтирүүчү мектептин локалдык актысы болуп эсептелет.

1.3. Бул жобо-нормативдүү документ,педагогдорун жана кенже тейлөөчү персоналдарды сыйлоонун жол-жобосун жана эрежелерин аныктайт

2. **Максаты жана милдеттери:**

2.1. Майлуу-Суу шаарындагы №5 жалпы билим берүү орто мектебиндеги педагогикалык,административдик жана кенже тейлөөчү персоналдарынын укуктарын ар-намысын жана кадыр-баркын коргоо;

2.2. Педагогдук жана чарбалык иштердин максаттуу жана натыйжалуу жүргүзүлүүсүн камсыздоо жана эмгек жамаатынын мүчөлөрүнүнмилдеттерин так аткарып ишке карата болгон жоопкерчиликтүү мамилесин арттыруу;

2.3. Педагогикалык,административдик жана кенже тейлөөчү персаналдардын эмгегине татыктуу баа берүү менен аларда эмгектенүүгө болгон мотивациясын жогорулатуу;

**2.4. Милдеттери:**

- Мектептин окутуу-тарбиялоо процессинин натыйжалуу көрсөткүчтөргө жетишүүсүн, тарбиялануучулардын жашоо-шарттарынын жакшыртылышын камсыз кылуу;
- Мугалим, тарбиячылардын жана көмөкчү персоналдардын иштеги көрсөткүчтөрүнө объективдүү баалоо жүргүзүү;
- Жаш муундарды окутууда жана тарбиялоодо жогорку натыйжаларга жетишкендиги үчүн педагогикалык, административдик, окутуучу-көмөкчү жана кенже тейлөөчү персоналдарды мектептик, шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн, Майлуу-Суу шаардык мэриясынын, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Ардак грамоталары жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин "Билим берүүнүн мыктысы" төш белгиси жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары менен сыйланууга сунуштоо.

**III. Сыйлоого көрсөтүү убактысы:**

- Акыркы коңгуроо;
- Билим берүү кызматкерлеринин күнүнө карата ;
- I жарым жылдыктын жыйынтыгы боюнча;
- Мектепте өткөрүлгөн иш- чараларга (мугалим, тарбиячылардын жана окуучулардын интеллектуалдык деңгээлин жогорулатуу) активдүү катышуусуна карата,
- Жыл жыйынтыгына карата (педкеңешменин чечимине ылайык жүргүзүлүүгө мүмкүн).

**IV. Сыйлоого көрсөтүү тартиби:**

- Мугалим, тарбиячылардын жана көмөкчү персоналдардын иштеги көрсөткүчтөрүнө объективдүү баалоо жүргүзүү аркылуу өзгөчө көрсөткүчтөрү үчүн жана алардын эмгек стажысына, жетишкендиктерине жараша ирээттүүлүк тартибинде сыйлоого көргөзүү;
- *Ардак грамоталар*

  -Мектептин

  - Шаардык билим берүү бөлүмүнүн

  -МАйлуу-Суу шаардык мэриясынын ж.б.;

- **Сыйлоо аралыгы:**

  - Мектепте толук бир жыл иштегенден кийин Ардак грамота менен сыйлоого сунушталат.

  - үч жылдан кийин Майлуу-Суу шаардык Билим берүү башкармалыгынын Ардак грамотасына жана Майлуу-Суу шаардык мэриясынын Ардак грамотасына;

  - андан үч жыл өткөндөн кийин Облустук билим берүү башкармалыгынын Ардак грамотасына;

  - андан үч жыл өткөндөн кийин Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин "Билим берүүнүн мыктысы" төш белгисине;

  - Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктарына сунушталат.

- ***Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин сыйлыктарына***

  - Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Ардак грамотасына;

  -Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин "Билим берүүнүн мыктысы" төш белгисине;

- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктарына.
- Сыйлоонун ар бир баскычында усулдук бирикме тарабынан сыйлоого көрсөтүлүүчү талапкерлер профком жыйынында каралып, макулдашылып, педагогикалык жамаатынын жыйналышында жана педагогикалык кеңеште кароого сунушталат.
- Мектептин педагогикалык жамаатынын жыйналышында жана педагогикалык кеңешинде кабыл алынган чечимине ылайык тиешелүү сыйлоо материалдары бекитилген формага ылайык даярдалып,мектептин директорунун сунушунун негизинде сыйлоого көрсөтүлөт.